Санаанын жүгүн артынын
Сагынып келдим шашылып.
Бут тоскон адамдарга,
Ишенбей жалгандарга
Жолуктук элден жашынып.

Сүйдүмго бала кезимден,
Ал күндөр кетпейт эсимден.
Көзүмдөн аккан жашым,
Ысытып карындашым.
Актыго менин беимден.

## "Ыйладың неге?"

Кайырма:
Махабат кандай улуулук,
Маңдайга жазган сулуулук.
Бар беле жашырганың,
Ыйладың неге жаным.
Өксүдүң айтпай буулугуп.
Ыйладың неге буулугуп

Жүрөктү жалган кыйнады,
Сезимим сени кыйбады.
Көзүңдү карап турдум.
Өзүңдү аяп турдум,
Түн дагы сен деп ыйлады.
Коюу түн кошо ыйлады

Жаныңда дайым болоюн,
Бакытка салып ороюн.
Көтөрүп көңүлүңдү,
Көп тилеп өмүрүңдү.
Сүйүүңө сенин толоюн.

Кайырма: